«Бекитемин»

К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекттик

университетинин илимий иштер боюнча проректору

ф.и.д., проф. Г. Мурзахмедова

______________________

30.12.2024-ж.

К. Карасаев атындагы БМУнун кыргыз жана түрк тилдеринин теориясы кафедрасынын Мураталиева Уркуя Тойчуевнанын “Сөздүн магиялык кудурет-күчү: риторика маселеси” деген темада 10.02.01-кыргы тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган кандидаттык диссертациясына жетектөөчү мекеме катары берген

## ПИКИРИ

**1. Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.** Мураталиева Уркуя Тойчуевнанын “Сөздүн магиялык кудурет-күчү : риторика маселеси” аттуу кандидаттык диссертациясында жалпы жана кыргыз тилиндеги риториканын изилдөө ишине байланышы бар айрым өзөктүү маселелеринин, ошондой эле кара риториканын негизги стратегиялары менен тактикаларына, принциптерине, манипуляциялык ык-амалдарына, псевдологиялык технологияларына байланышкан маселерин кыргыз тилинин факты-материалдарынын негизинде изилдөө алынат. Аталган маселелер боюнча жүргүзүлгөн иликтөө-талдоолору жана алардын жыйынтыктары 10.02.01 – кыргыз тили адистигинин паспортуна ылайык келет.

- **Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Диссертациялык иштин актуалдуулугу кара риторикага кыйыр байланышкан айрым бир эмгектерди эске албаганда, анын кыргыз тил илиминде атайын изилдөөнүн обьектиси болбогондугу; Коомдук жашоонун ар кандай чөйрөлөрүндө активдүү колдонулган псевдологикалык технологиялар, манипуляциялык амалдар, рабулистика, софистика өңдүү ык-амалдардын чеги, түрлөрү ажыратылып, конкреттүү каралбагандыгы; Тилдик фактылардын мисалында кыргыз тил илиминде текст система-структуралык, семантика-функционалдык, лингвопрагматикалык анализдердин объектиси катары лингвистикалык,

КЫРНАЦУНИВЕРСИТЕТ
ВХОДЯЩИЙ № 10-24-12
« 30 » 12 2024 ж.г.

өңүттөрдөн талдоого лингвостилистикалык, филологиялык алынганы менен, тексттин риторикалык түзүлүшүнө талдоо жүргүзүлбөгөндүгү; Көркөм текстке риторикалык талдоону жүргүзүүгө арналган илимий изилдөөлөрдүн жоктугу; Кара риторикадагы кептик стратегиялар менен тактикалардын реализацияланышында, кептик жүрүм-турумдун өзгөчөлүктөрүнүн текстте чагылдырылышында, псевдологикалык технологиялардын, вербалдык агрессия, демагогия, рабулистика, софистика өңдүү амалдардын ишке ашуусунда риторикалык фигуралардын маанисин ачып берүү; Кара риториканын максаты, колдонулуу чөйрөсү, принциптери суггестивдик стратегиялардын теориялык болгон менен лингвистика типологиясы, байланышы, кептик манипуляциялык ык-амалдар өңдүү негизги маселелерди кыргыз медиатексттердин мисалында иликтөө; Тилиндеги көркөм жана текстке риторикалык талдоо жүргүзүүнү кыргыз тилиндеги көркөм тексттердин мисалында көрсөтүү жана медиатексттерден алынган мисалдар аркылуу элокуция, кептик фигуралардын кара риторикада колдонулушу өңдүү маселелерге илимий негизде илик жүргүзүү; болуп саналат.

- **Диссертациялык иште алынган жаңы илимий натыйжалар.** Жаңы риториканын изилдөө ишине байланышы бар айрым өзөктүү маселелеринин, ошондой эле кара риториканын негизги стратегиялары менен тактикаларына, принциптерине, манипуляциялык ык-амалдарына, псевдологикалык технологияларына байланышкан маселелерин кыргыз тилинин факты материалдарынын негизинде илимий натыйжалар алынган:

**1-натыйжа.** Кара риторика классикалык риториканын контекстинде жаралып, демагогия, рабулистика, софистика өңдүү манипуляциялык ык-амалдардан башат алып, өнүгүп-өзгөрүп келгендиги башка тилдик фактылардан тышкары, фольклордук чыгармалардын үлгүлөрүнөн ачык көрүнөт.

**2-натыйжа.** Айрым түрк тилдеринде, анын ичинде кыргыз тил илиминде риторикага салыштырмалуу маданияты жана стилистика багытындагы изилдөөлөрдүн басымдуулук кылышы орус тил илиминин таасири аркылуу түшүндүрүлөт. "Кеп маданияты" түшүнүгү орус окумуштуулары тарабынан киргизилген, орус тил илимине гана мүнөздүү феномен болуп эсептелет.

**3-натыйжа.** Кара риторикадагы кептик стратегиялар менен тактикаларды. манипуляциялык ык-амалдарды, псевдологикалык технологияларды реализациялоодо риторикалык фигуралар өзгөчө мааниге ээ болот.

**4-натыйжа.** Кыргыз тил илиминде тексттерге, анын ичинде медиатексттерге да риторикалык анализ жүргүзүү зарылдыгы Кыргыз Республикасында болуп жаткан саясий процесстердин таасири астында саясий риториканын, полемикалык риториканын, манипуляциялык риториканын, медиариториканын актуалдашуусу аркылуу да түшүндүрүлөт.

- **Изилдөөдө туюнтулган илимий натыйжалардын негизделиши.**
  Илимий иш негизги үч баптан турат

**1- бапта** Риториканын теориялык маселелеринин изилдениши абалына жалпы сареп салынат. Анда риториканын теориялык жана практикалык маселелерин жалпы тил илиминде, түркологияда жана кыргыз тил илиминде изиилденишине сереп салынган. Ушул эле главанын 1-бөлүмүндө натыйжалуу, көркөм сүйлөөнүн теориясы жана искусствосу катары риторика байыркы Грециядан башталганы, ошондой эле Римдеги риториканын өкүлдөрүнүн эмгектери жөнүндө сөз болот. Муну менен катар сөз болуп жаткан багыттарда изилдөө жүргүзүшкөн орус окумуштуулардын жылдары жана алардын эмгекттери талдоого алынып, тыянактар чыгарылган.

Ал эми түркологияда А. Маметованын, Б. Адамбаевдин , Р. Садыкованын эмгектери аталып, башатында А.Байтурсуновдун жарык көргөн "Адабият таанытткыч эмгегине такталган. Ошондой эле казак, алтай тилчи окумуштуулардын эмгектери каралат. Андан тышкары бул параграфта Советтер союзунун курамына кирген түрк тилдүү элдердин тил илиминде эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарынан тартып риториканын изилдениши. Кайра жанданганы туурасында кеп козголот. Бул маселе боюнча кыргыз тил илиминде да риториканын изилдениши көз жаздымда калган жок. Алсак, А.Ибраимовдун (1998), Т.Асановдун (2008), А. Обозкановдун (2016), Б. Сабыр уулу (2016), Актан Тилебектин , Г.Мамытованын (2016) эмгектери көрсөтүлгөн жылдары чыккандыгы жөнүндө жана алардын кыргыз тил илиминде алган орду жөнүндө кенен талкууга алынат.

**2-бап** риториканын изилденишинин материалдары, методдору жана базалык түшүнүктөрү каралып, изилдөөнүн обьектиси, предмети, ошондой эле материалдары жана тийиштүү методдору тууралуу маалыматтар берилип, обьектиси катары жалпы жана кара риторикадагы стратегиялар, кептик тактикалар, манипуляциялык ык-амалдар, псевдологиялык технологиялар пайдаланылат. Ошондой эле изилдөөнүн материалдары жана булактары каралып, ар кандай турмуштук кырдаалдагы кептик жүрүм-турумдун жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрү жана кептин таасирин арттыруу үчүн аларды колдонуунун практикалык мүмкүнчүлүктөрү, көндүмдөрү жалпы риториканын маселелери катары каралып, көптөгөн тилчи окумуштуулар тарабынан сунушталган теориялык жол-жоболор, илимий концепциялар изилдөөнүн негизги теориялык материалдары катары колдонгон. Ошондой эле кийинки бөлүмдөрдө илимий ишти өткөрүүдө бир катар методдор, ыкмалар, анализ жүргүзүү процедуралары, теориялык маселенин маңызын чагылдырган саясий медиатексттер жана көркөм тексттер, изилдөөнүн жүрүшүндө интерпретациялоо, жалпылоо, анализ, синтез, салыштыруу методдору, лексикалык бирдиктердин семантикалык, лингвостилистикалык анализдер

жасалган. Ушул эле баптын акыркы бөлүмдөрүндө жалпы жана жеке риторикалар тууралуу жалпы түшүнүк берип, жалпы риториканын бөлүнүшү, алардын күнүмдүк турмушта орду тууралуу, ораторлордун түрлөргө бөлүнүшүнүн принциптери жөнүндө терең маалымат берилген. Муну менен катар риториканын базалык түшүнүк-категориялары каралган. Өзгөчө салттуу риторикадагы бейвербалдык компоненттер, фонация, кинесика, окулесика, аускультация, гантика, ольфакция, проксема, хронемика, сөз өнөрү, чечендик өнөрү, сөз чеберчилиги өңдүү бир катар түшүнүк-категориялар терең талдоого алынат.

**3-бап** негизги бап катары саналат. Анда "Кара риториканын тилдик табияты", деп аталып, кара риториканын максаты, колдонуу чөйрөсү, принциптери каралат. Ошондой эле кара риторика жана суггестикалык лингвистика, риторикадагы кептик стратегиялардын типологиясы, кара риторикадагы кептик тактикалар жана манипуляциялык ык-амалдар, текститин риторикалык анализи жана риторикалык фигуралар, эгокупия жана кептик фигуралардын кара риторикада колдонулушу, кара риторикадагы жана кара пиардагы айрым манипуляциялык амалдар ж.б. маселелер каралган. Диссертант ушул өңүттө терең изилдеп, айрым маалымат технологиянын, медиаресурстардын техникалык мүмкүнчүлүктөрүнүн күн санап өсүшү менен кара риторикага мүнөздүү болгон терс амалдардын өсүшүнө бөгөт ар кандай ыкмаларды колдонуу менен коргонуунун техникалары, коргонуу чаралары жонүндө да кеп козголот.

- **Изденүүчү тарабынан алынган натыйжалардан тиешелүү актуалдуу проблеманын, теориялык маселенин жана практикалык милдеттердин чечилишине багытталышы.** Изилдөөдөн алынган тыянак-натыйжаларды риторика, кеп маданияты, текстин лингвистикасы, заманбап медиатекст, когнитивдүү лингвистика, экспрессивдик синтаксис, коммуникативдик синтаксис, көркөм текстке лингвистикалык илик жүргүзүү өндүү дисциплиналар боюнча лекциялык курстарды жана семинардык сабактарды өтүүдө пайдаланууга болот. Ошону менен эле бирге изилдөө ишинен алынган жыйынтыктар аталган багыттар боюнча окуу куралдарын, типтүү жана жумушчу программаларды, лекциялык курстардын тексттерин даярдоодо теориялык материал иретинде колдонууга сунушталат.
- **Иштеги негизги жоболордун, натыйжалардын, тыянактардын басмадан чыгуусу.** Иштин мазмуну КР УАКтын тизмесиндеги басылмаларда, Кыргыз Республикасынын аймагынан сырткары ке РИНЦ системасында индекстелүүчү басылмаларда жарык коргон автордун эмгектеринде жетиштүү көлөмдө чагылдырылган.
- **Авторефераттын диссертациянын мазмунуна шайкеш келиши.** Автореферат диссертациялык иштин мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн

максаты менен милдеттерине шайкеш келет. Авторефератта иштин жалпы мүнөздөмөсү, изилдөөнүн негизги идеялары жана жыйынтыктары кыскача мазмунда берилген. Авторефератка коюлуучу талаптар сакталган.

- **Диссертациянын мазмунундагы жана жасалгаланышындагы кемчиликтер.**

1. Киришүү бөлүмүндө иштин актуалдуулугу абдан көлөмдүү жазылган. Зарылдыгына жараша, кыскартыш керек.

2. Иште түшүнүксүз терминдер жыш кездешет. Аларды кыргыз аталыштар менен берсе болот да. Алсак, риторика чечендик өнөр, оратор-чечен, эгоист өзүмчүл, лингвистикалык косметика тилдик жымсалдоо,

3. Кыргыз тилиндеги кээ бир сөздөрдөн кийин кашаанын ичине орусчасын берүүнүн да зырылдыгы жок. Мисалы, 24-бетте: чагымчы (подстрекатель), сак (осторожный), корс (грубиян): 34 бетте: соттук (судебные), кеңешме (совещательные эпидейктикалык (эпидейктически) ж.б. Мындай сөздөр инне аблан жыш берилген. Зарылчылыгы барбы? Иш кыргыз тилинде, анын ичинде кыргыз тилиндеги кара риторика боюнча жазылып жаткандан кийин орус тилиндеги сөздөрдүн катар колдонулушу зарыл эмес.

4. Иште подтекст маселеси да каралса, иштин мазмуну арта түшмөк. Анткени риторикада, сөздүн магиялык касиетинде подтексттик маалыматтар жыш кездешет.

5. Кыргыз тилиндеги чечендик өнөр жөнүндө сөз кылганда кыргыз макалдарын да мисалга алса болмок. Мисалы: Көп байкаган сөз байкаган чечен; Маңдайы жарылган баатыр, таңдайы жарылган чечен; Чечендин тили орток, чебердин колу-орток. ж.б.у.с. Балким, ушундай макалдар аркылуу кыргыз риторикасынын маңызы ачылмак.

6. Иш «Сөздүн магиялык кудурет-күчү» деп аталгандыктан ушуга байланыштуу перифраза, тергөө сөздөрү, бата-каргыш сөздөрү да талдоого алыныш керек эле.

- **Диссертациялык иштин УАК кабыл алган тиешелүү талаптарга дал келиши.**

Жыйынтыктап айтканда, Мураталиева Уркуя Тойчуевнанын “Сөздүн магиялык кудурет-күчү: риторика маселеси” аттуу 10.02.01. – кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациясы темасынын актуалдуулугу, максат-милдеттеринин аткарылгандыгы, иштин толук бүткөндүгү, алынган натыйжаларынын жанылыгы жана илимий- теориялык, практикалык мааниси жагынан КР УАКтын кандидаттык диссертацияларга коюлуучу талаптарына жооп берет, ал эми анын автору Мураталиева Уркуя Тойчуевна 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин окумуштуулук даражасын алууга татыктуу бүтүм чыгарууга болот.

Диссертациялык иш К.Карасаев атындагы БМУнун кыргыз жана түрк тилдеринин теориясы кафедрасынын кезектеги кеңешмесинде талкууланды (№6 протокол, 501. 2024-ж.). Кеңешмеге төрага, ф.и.д., доцент Б.Усмамбетов (10.02.06), ф.и.д., доцент Д. Кенжебаев (10.02.01), ф.и.д. доцент А. Карымшакова, ф.и.д. (10.02.01), ф.и.к., доцент П.Эстебесова (10.02.06), ф.и.к. Т.Уметалиева (10.02.01), ф.и.к. Ж.Артыкова (10.02.01), п.и.к., доцент К.Беделова (13.00.02) жана катчы ф.и.к. Г. Садыралиевалар (10.02.01) катышты, корутунду бир добуштан жактырылган.

**Жыйындын төрагасы,**
филология илимдеринин доктору
К.Карасаев атындагы БМУнун профессору: Баяман Усмамбетов

**Катчы** филология илимдеринин кандидаты,
К.Карасаев атыфндагы БМУнун доценти: Гүлжан Садыралиева

КОЛУН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ
КАДРЛАР БӨЛҮМҮНҮН БАШЧЫСЫ
ЗАВ. ОТДЕЛА КАДРОВ
«30» 10 2024 ж.

**К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин кыргыз филологиясы факультетинин кыргыз жана түрк тилдеринин теориясы кафедрасынын кезектеги отурумунун №6 протоколунан**

**КӨЧҮРМӨ**

**Бишкек шаары** **30.12.2024-ж**

**Катышкандар:** Б.Ж.Усмамбетов – төрага, филология илимдеринин доктору, проф.м.а. (10.02.01); А.Т.Карымшакова - филология илимдеринин кандидаты, проф.(10.02.01); Д.Кенжебаев – филология илимдеринин доктору, профессор (10.02.20); Т.У.Уметалиева - филология илимдеринин кандидаты, доц.м.а. (10.02.01); Г.Э.Садыралиева - филология илимдеринин кандидаты, доц.м.а. (10.02.01); Ж.А.Артыкова - филология илимдеринин кандидаты, доц.м.а. (10.02.01); П.С.Эстебесова - филология илимдеринин кандидаты, доцент (10.02.06); В.Абдиева – улук окутуучу; А, Турмухамбетова – улук окутуучу.

**Катчы**: Жумабай кызы Батма

**Күн тартибиндеги маселе:**

1.Изденүүчү **Мураталиева Уркуя Тойчуевнанын «Сөздүн магиялык кудурет-күчү:риторика маселеси»** аттуу 10.02.01- кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына жетектөөчү мекеме катары берген пикирин бекитүү.

**Отурумдун төрагасы Б.Ж.Усмамбетов:** Урматтуу кесиптештер, бүгүнкү кеңейтилген отурумдун күн тартибинде Мураталиева Уркуя Тойчуевнанын «Сөздүн магиялык кудурет-күчү: риторика маселеси» деген аталыштагы диссертациясын талкууга алып жатабыз. Аталган диссертация 10.02.01- кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган. Диссертациялык ишке Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо үчүн түзүлгөн Д 10.24.700 диссертациялык кеңешинин чечими менен К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин кыргыз жана түрк тилдеринин теориясы кафедрасы жетектөөчү мекеме катары бекитилген.

Жетектөөчү мекеме катары дайындалган кандидаттык диссертация менен толук таанышып чыктык. Анда эмесе, иштеги жетишкен ийгиликтер, жаңылыктар, илимий жыйынтыктар жана кемчиликтер, сунуштар боюнча пикириңиздерди айтсаңыздар.

Бүгүнкү талкууда Мураталиева Уркуя Тойчуевнанын «Сөздүн магиялык кудурет-күчү: риторика маселеси» деген аталыштагы диссертациясы боюнча

пикирин айтуу үчүн филология илимдеринин доктору Д.Кенжебаевге сөз берилет.

**Фи.д., профессор Д.Кенжебаев:** Постсоветтик мейкиндиктеги түрк тилдүү элдердин тилинде риториканы өз алдынча илим жана искусство катары изилденбестен кеп маданиятынын маселелеринин бири катары изилденип келген. Ал эми изденүүчү У.Т.Мураталиеванын кандидаттык диссертациясында риторика илиминин изилдениши, ошондой эле кара риториканын негизги стратегиялары менен тактикалары, принциптери, манипуляциялык ык-амалдары, псевдологикалык технологиялары кыргыз тилинде факты-материалдары аркылуу талдоого алынган.

Диссертациялык иштин жалпы көлөмү 190 бетти түзөт. Иш киришүү, үч бап, корутунду, колдонулган адабияттардын тизмесинен турат.

У.Т.Мураталиева сөздүн магиялык кудурет-күчүн изилдөөдө төмөнкүдөй илимий натыйжаларды чыгарууга аракет кылган:

-көркөм текстке риторикалык талдоо кыргыз тил илиминде колго алынбагын багыттардын бири катары эсептелгендиктен, изилдөө ишинде көркөм жана медиатексттерге риторикалык талдоо жүргүзүүнүн алгачкы аракети көрүлгөн;

-чечендик өнөрдүн генезиси оозеки чыгармачылыктын мыкты үлгүлөрүн жараткан кыргыз элинин көркөм ой жүгүртүүсүнүн тарыхый жактан шартталган өзүнчө бир баскычынан башталып, коомдук өнүгүүнүн ар түрдүү этаптарында калыптанганы белгиленген;

- кара риторика сүйлөшүүнү каалаган нукка буруу, оппонентти, публиканы өзүнө керектүү бүтүмгө келтирүү үчүн риторикалык, диалектикалык, эристикалык жана рабулистикалык ык-амалдар манипуляциялык максатта колдонулары аныкталган.

-Риториканын «ак» жана «кара» деп бөлүштүрүүнүн өзү салыштырмалуу мүнөзгө ээ болуп, философиялык өңүттөн караганда, карама-каршылыктардын бүтүндүгү жана алардын күрөшү катары каралышы шарт экендиги белгиленген;

- Текстке риторикалык талдоо жүргүзүү аркылуу тексттин риторикалык түзүлүшүнүн ар кандай аспектилерине мүнөздүү маселелерди, тактап айтканда, кеп аркылуу таасир этүүнүн түрдүү ыкмаларын, кептик стратегиялар менен тактикалардын реализацияланышын, кептик жүрүм-турумдун өзгөчөлүктөрүнүн текстте чагылдырылышын, ошондой эле риторикалык фигуралардын жана стратегмалардын колдонулушун аныктоо менен алардын аткарган кызматына байкоо жүргүзүү мүмкүнчүлүгү көрсөтүлгөн.

Жыйынтыктап айтканда, У.Т.Мурataliеванын **«Сөздүн магиялык кудурет-күчү:риторика маселеси»** аттуу 10.02.01- кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын толук аткаралып бүткөн иш катары коргоого сунуштайм.

**Отурумдун төрагасы:** Сөз филология илимдеринин кандидаты, проф.м.а., Айша Талгаровна Карымшаковага берилет:

**Ф.и.к., проф.м.а. А.Т. Карымшакова:** Бул диссертациялык иштин темасы – актуалдуу. Диссертациянын актуалдуулугу катары мындай жагдайлар белгиленген: кара риториканын кыргыз тил илиминде атайын изилдөөгө алына электиги; кепте псевдологикалык технологиялар, манипуляциялык амалдар, рабулистика, софистика өңдүү ык-амалдардын чеги, түрлөрү ажыратылып, конкреттүү тилдик фактылардын каралбагандыгы; кыргыз тил илиминде текстке риторикалык талдоо жүргүзүлбөгөндүгү, кара риторикадагы псевдологикалык технологиялардын, вербалдык агрессия, демагогия, рабулистика, софистика өңдүү амалдардын ишке ашуусунда риторикалык фигуралардын маанисинин ачылбагандыгы.

Иштин максаты риториканын изилдөөгө байланышы бар айрым өзөктүү маселелердин, ошондой эле кара риториканын негизги стратегиялары менен тактикаларына, принциптерине, манипуляциялык ык-амалдарына, псевдологикалык технологияларына байланышкан маселелелерин кыргыз тилинин факты-материалдарынын негизинде изилдөө болуп саналат.

Иштин жаңылыгы катары жалпы риториканын айрым негизги маселелери менен катар кара риториканын концептуалдуу проблемаларынын кыргыз тилиндеги материалдардын мисалында каралышы көрсөтүлөт. Мындан тышкары риторикалык фигуралар, кара риториканын негизги стратегиялары жана тактикалары, манипуляциялык ык-амалдар, көркөм риторикалык талдоо жүргүзүү сыяктуу бир катар маселелер каралган.

Массалык каражаттардан, көркөм чыгармалардан алынган мисалдар менен коюлган маселенин башын ачып берүүгө аракет кылган. Кыргыз тил илими, кеп маданияты, текстти талдоо, сүйлөө адеби боюнча бир топ жакшы материалдар топтолгон.

Жыйынтыктап айтканда, У.Т.Мураталиеванын **«Сөздүн магиялык кудурет-күчү:риторика маселеси»** аттуу 10.02.01- кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы КР Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын талабына толук жооп берген илимий иш катары баалоого болот жана ишти коргоого сунуштайм.

**Отурумдун төрагасы:** Кийинки сөздү ф.и.к., доц.м.а. Т.У.Уметалиевага берели.

**Ф.и.к., доц.м.а. Т.У.Уметалиева:** Бул иш кеп маданиятынын бир бөлүгү болгон риторика, анын ичинде кара риторика багытында жазылган.

Иштин темасы абдан актуалдуу жана илимий жактан кыргыз тил илими үчүн жаңы болуп саналат. Иш бири-бирин толуктаган үч баптан, жалпы корутундуан жана колдонулган адабияттардын тизмесинен турат.

Иште бай факты-материалдар колдонулуп, теориялык маселелерге кеңири орун берилген. Жалпы тил илиинде колдонулган кара риторикага байланыштуу терминдерди чечмелеп кыргыз тилиндеги мисалдар менен аныктай алган. Риторика маселеси буга чейин кеп маданиятынын маселеси катары каралып келгени белгиленип, эми өз алдынча дисциплина, багыт катары изилдениш керек экендиги баса белгиленген. Ошону менен бирге текстке лингвистикалык талдоо жүргүзүү менен бирге риторикалык талдоо жүргүзүү зарылдыгы айтылат. Риторикалык фигуралар аталып, алардын текст ичиндеги аткарган кызматы, кара риторикадагы орду көрсөтүлгөн. Бир катар терминдер, жаңы түшүнүктөр колдонулуп, алардын маани-маңызы ачылып берилген. Кеп агымында кадимки сөздөр менен катар эле интонация, тыным жана аларга кошумча маани берип турган мимика, жесттердин орду көрсөтүлүп, кара риторикада алардын канчалык деңгээлде зарыл экендиги аныкталган.

Жыйынтыктап айтканда, диссертация илимий жана методологиялык жактан мыкты деңгээлде жазылган. Автордун талдоолору жана жеке чыгарган жыйынтыктары маанилүү. Ишти коргоого сунуштайм.

**Отурумдун төрагасы:** Кийинки сөздү ф.и.к., доцент П.С.Эстебесовага берели.

**Ф.и.к., доцент П.С.Эстебесова:** Бул диссертациялык иште алгачкы жолу кыргыз тилиндеги риторика, кара риторика жана анын маселелерге изилдөөгө алынган. Иште теориялык маселелер жалпы тил илиминдеги негизги жоболор жана аспектилер аркылуу аныкталган. Биринчи бапта риториканын изилдениш абалы, негизги илимий булактарга сереп салынып, экинчи бабында илимий-методологиялык аспектиси, үчүнчү баптын изилдөөнүн негизги бөлүгү берилген. Бул баптар бири-бири менен логикалык жактан ырааттуу байланышып турат.

Азыркы мезгилде тил ар тараптан, ар кандай кырынан изиленип, психолингвистикалык, этнолингвистикалык, когнитивдик жана лингвомаданият таануу өңүттөрүндө изилденип жатат. Бул ишти мына ушундай изилдөөнүн бири катары карасак болот.

Иште риторикалык фигуралар, риторикага байланыштуу терминдер жыш колдонулуп, алардын маанилери чечмеленип, мисалдар менен көрсөтүлгөн.

Бул иш кыргыз тил илиминде жана жалпы түркологияда кепти, текстти, когнитивдик лингвистиканы изилдөөдө таяныч материал боло алат.

Иш илимий жактан сабаттуу жазылган, диссертацияга коюлган талаптарга жооп берет. Ишти коргоого сунуштайм.

**Отурумдун төрагасы:** Кийинки сөздү ф.и.к., доц.м.а. Ж.А.Артыковага берели.

**Ф.и.к., доц.м.а. Ж.А.Артыкова:** Диссертация абдан кызыктуу жана илимий тил менен жазылган. Иште теориялык адабияттар кеңири пайдаланылып, ар бирине кеңири сереп салынган. УАКтын койгон талаптарына ылайык ишти үч бапка бөлүп, ырааттуу параграфтардын ичинде коюлган милдеттерди ишке ашырууга аратке кылган.

Белгилүү болгондой, риторика, кара риторика, кеп маданияты, текст тануу, бейвербалдык пикир алышуу маселелери бири-бирине тыгыз байланыштагы маселелерден болу саналат. Алсак, кара риторикада сөздөрдүн колдонулуш чеги менен катар эле пикир алышуучулардын интонациясы, тынымы жана бейвербалдык каражаттарды колдонулушу өзгөчө мааниге ээ. Ошондуктан бул иште коюлган маселе жогоруда аталган багыттардын алкагында изилдөөгө алынганын байкайбыз.

Иште риторика тар мааниде эл алдына чыгып сүйлөө искусствосу катары каралып, мезгилдин өтүшү менен анын мааниси кеңейип отурганын белгилейт. Ошону менен бирге бейвербалдык каражаттардын маалымат туюндуруу кызматынын интуицияга, сезимдик рецепторлорго негизделген байыркы, баштапкы калыбын сактап калышын окумуштуулар алардын аң-сезимсиз, күтүүсүз табигый негизде кызмат аткарышы аркылуу түшүндүрөрүн көрсөтөт.

Мисал катары интернет булактарынан алынган, жалпыга маалым болгон, курч сөздүү инсандардын кеби, көркөм чыгармалар талдоого алынып, алардагы сөздөрдүн таасир этүүчүлүк касиеттери аныкталган.

Жыйынтыктап айтканда, ишти кыргыз тил илиминдеги жаңы багыттагы изилдөө иши катары баалап, коргоого сунуштайм.

**Отурумдун төрагасы:** Кийинки сөздү ф.и.к., доц.м.а. Г.Э.Садыралиевага берели.

**Ф.и.к., доц.м.а. Г.Э.Садыралиева:** Иш абдан актуалдуу темалардын бирине арналган. Азыркы күндө кыргыз тилиндеги кеп маданиятыны, сүйлөө адебине абдан көңүл бурулуп, сөздүн күчү бааланып келет. Ушуга байланыштуу У.Мураталиеванын аталган диссертациясы заманбап маселелерди козгогону менен баалуу.

Негизги ой-пикирлер төмөнкүдөй:

1.Риторика, анын кичинде кара риториканын маселелерине терең көңүл бурган. Теориялык жана практикалык мааниси так көрсөтүлгөн.

2.Массалык маалымат каражаттарынан алынган мисалдар жакшы талдоого алынып, жеке жыйынтык чыгарылган.

3. Иште биринчи жолу риторикалык фигуралар тууралуу сөз козголуп, алардын текстте колдонулушу талдоого алынган.

4. Кара риторикадагы манипуляциянын өзгөчөлүгү жана анын тилдик жактан уюштурулушу корсотүлгөн.

5. Риториканын, кара риториканын өзүнчө илим катары калыптанышына терең изилдөө жүргүзүлүп, кыргыз тилиндеги материалдар менен да далилденип берилген.

6. Текстке риторикалык талдоо жүргүзүү зарылдыгы белгиленип, иште кээ бир үлгүлөрү көрсөтүлгөн.

Жыйынтыктап айтканда, диссертациялык иш илимий-изилдөө жана методологиялык деңгээли жакшы жазылган. Кыргыз чечендик өнөрү, кара риторика, кеп маданияты, текст таануу боюнча иликтөөлөргө салым кошкон эмгек болуп саналат. Иште колдонулган факты-материалдары, талдоолор диссертаациянын жакшы деңгээлин көрсөтөт.

**Отурумдун төрагасы Б.Ж.Усмамбетов:** Урматтуу кесиптештер, биздин кафедра жетектөөчү мекеме катары дайындалган диссертациялык ишти окуп, сын-пикирлерди айтканыңыздарга ыраазычылык билдирем. Мен дагы өз пикиримди билдирип айтып коёюн.

Бул иштин негизги максаты кыргыз тилинин негизинде риториканын жана кара риториканын негизги стратегиялары, тактикалары, принциптери, манипуляциялык ык-амалдары, псевдолигикалык технологияларына байланышкан маселелерди талдоого алуу болуп саналат. Изденүүчү бул максатын ишке ашыруу үчүн мындай милдеттерди ишке ашырган:

1.Риториканын теориялык жана практикалык маселелеринин жалпы тил илиминде, түркологияда жана кыргыз тил илиминде изилдениш абалына, алардагы концептуалдуу көз караштарга сереп салып, жеке жыйынтык чыгара алган;

2.Риториканын базалык түшүнүктөрүн, ораторрлорду түрлөргө бөлүштүрүү принциптерин конкреттүү иллюстрациялык материалдардын мисалында изилдөөгө алган;

3.Кара риториканын максаты, колдонулуу чөйрөсү, принциптери, суггестивдик лингвистика менен болгон байланышы, кептик стратегиялардын типологиясы, манипуляциялык ык-амалдар сыяктуу маселелерди кыргыз тилиндеги көркөм жана медиатексттердин мисалында иликтеген;

Изилдөөнүн жыйынтыгында изденүүчү У.Мураталиева мындай тыянактарды чыгарган:

-Кара риторика сүйлөшүүнү каалаган нукка буруу, оппонентти, публиканы өзүнө керектүү бүтүмгө келтирүү үчүн риторикалык, диалектикалык, эристикалык жана рабустикалык ык-амалдарды манипуляциялык максатта колдонулат;

- Көркөм тексттин риторикасынын алкагында «көркөм текстке риторикалык талдоо» деген түшүнүк пайда болуп, анын өзүнчө багыт катары чеги жана дисциплина аралык мүнөздөгү маселелери атайын изилдөөнүн объектисине айланган;

- Текстке риторикалык анализ жүргүзүү аркылуу кеп аркылуу таасир этүүнүн түрдүү ыкмаларын, кептик стратегиялар менен тактиканын ишке ашуусун, кептик жүрүм-турумдардын өзгөчөлүктөрүнүн текстте чагылдырылышын, риторикалык фигуралар жана стратегмаларлын колдонулушун аныктоого болот.

- Кара риторикада манипуляцияга, вербалдык амалдарга көңүл бурулуп, амплификация, климакс, антиклимакс, антитеза, атрибутизация, прозиопезис, парцелляция жана башка риторикалык фигуралар интернет булактарынан алынгын материалдар менен талдоого алынат.

Диссертация боюнча берилген сунуштар, кемчиликтер жетектөөчү мекеменин жалпы пикири катары төмөндө көрсөтөбүз.

Иштеги тыянактар, натыйжалар жана корутундулар изилдөөнүн максат-милдеттерин жүзөгө ашыруунун негизинде чыгарылган. Иштин теориялык деңгээли талапка ылайык келет. Диссертациялык изилдөө жалпы тил илиминин жоболорун аспектилерин пайдалануу менен аткарылган.

Жыйынтыктап айтканда, Мураталиева Уркуя Тойчуевнанын «Сөздүн магиялык кудурет-күчү: риторика маселеси» аттуу 10.02.01- кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы КР УАКтын койгон талаптарына толук жооп берет, ал эми иштин автору 10.02.01-кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу.

**Отурумдун төрагасы Б.Ж.Усмамбетов:** Урматтуу кесиптештер, бүгүнкү кеңейтилген отурумда жетектөөчү мекеме катары келген Мураталиева Уркуя Тойчуевнанын «Сөздүн магиялык кудурет-күчү: риторика маселеси» аттуу 10.02.01- кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын жалпы мазмунуна доо кетирбеген айрым кемчиликтер катары төмөндөгүлөрдү көрсөтүүгө болот:

1.Диссертацияда кээ бир сөздөрдүн, терминдердин аталышынан кийин кашаанын ичине орусчасы берилген. Аларды алып салыш керек.

2. Сөздүн магиялык касиети жөнүндө маалымат берилген эмес. Темага ылайык кошуп койсо мазмуну арта түшмөк.

3. Кара риториканын улуттук өзгөчөлүгүнө басым жасап, элдик оозеки чыгармачылыктан мисалдарды кеңири алса жакшы болмок. Анткени, кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгында айтыш өнөрү, чечен айтыш жакшы өнүккөн.

**Отурумдун төрагасы Б.Ж.Усмамбетов:** Урматтуу кесиптештер, эгерде дагы сунуш, каалоо, сын-пикир айтуучулар жок болсо, анда чечим кабыл алалы.

К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин кыргыз филологиясы факультетинин кыргыз жана түрк тилдеринин теориясы кафедрасынын кезектеги отуруму

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1.1. Мураталиева Уркуя Тойчуевнанын «Сөздүн магиялык кудурет-күчү:риторика маселеси» деген темада жазылган 10.02.01- кыргыз тили адистиги боюнча кандидаттык диссертациялык иши Кыргыз Республикасынын Президентине карашатуу Улуттук аттестациялык комиссиянын кандидаттык диссертацияларга койгон талаптарына толук жооп берет.

1.2. Мураталиева Уркуя Тойчуевна 10.02.01- кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга толук татыктуу.

(Макул – 9; каршы – жок; калыс – жок)

**Отурумдун төрагасы**
филология илимдеринин доктору, проф.м.а.
Б.Ж.Усмамбетов

**Катчы**: улук окутуучу
Жумабай кызы Батма

«30» 12 2024 ж.